Педагогикалык,экономикалык жана техникалык колледж "Нур" Тил илимдери жана педагогика ПЦКсынын №2 протоколу
15.09.2021-жыл

Жалал-Абад шаары

Катышуучулардын саны:24
Катышты:15
Катышкан жок:9

Отурумдун башталышы: 14:00
Отурмду бүтүшү: 16:00

Күн тартибиндеги маселелер:

1. Ата –энелердин окуу жайда алардын балдарын окутууга жана тарбиялоого болгон шарт-боюнча ойлорун билүү.
2. Ата-энелердин Билим берүү программаларын натыйжаларына канааттангандыгы.
3. Ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо процессине таасир берүү мүмкүнчүлүктөрү.
4. Ар түрдүү маселелер.

Катышуучулар:
1.

Регламенти 1-маселе үчүн 30 мүнөт, 2-маселе үчүн 30 мүнөт, 3-маселе үчүн 30 мүнөт.4-маселе үчүн 30 мүнөт.

Ата-энелер менен жолугушууда сөздү колледждин Тил илимдери жана педагогика Предметтик –циклдик комиссиясынын жетекчиси З.Э.Матанбаева сөз сүйлөп, колледжде окуган студенттердин ата-энелери окуу жайда алардын балдарын окутууга жана тарбиялоого болгон шарт-боюнча ойлорун айтып өтүштү. Англис тили адистигине студенттер кызыгуу менен мамиле жасашат. Кесип тандоодо балдарынын ойлорун угуп, кеңештерин айтышты.Англис тили боюнча адистер азыркы убакта мамлекетибизде тансык экендиги баарыбызга белгилүү. Себеби замандын талабы чет тилдери экендиги баарыбызга белгилүү. Ошондой болсо да бул адистикке кызыгып иштегендер жетишсиз, ошого карабастан бул адистикке окууга тапшыруучулар аз,мына ушул маселелерди чечүүгө сиздер, ата-энелер балдарыныздардын билимин көзөмөлдөп жетишүүсүнө жардам берүүнүздөр шарт.
Катышуучулардан Самсалиев Талант сөз сүйлөп,биз ата-энелер ушул адистикке балдарыбыздын кызыгуусуна карап окууга тапшыртканбыз. Колледжде ушул адистикке окуган студенттерге практикалык сабактарды өтүүдө тил үйрөнүүнү өнүктүрүү керегин айтышты.Андан сырткары сиздер ушул адистикке даярдап жатканда аларды адистик дисциплиналардын практикалык сабактарын атайын өндүрүштүк базаларга барып өтүүнү камсыздасаңыздар жакшы болот деп өз оюн айтты, жана теорялык билимдерин практикага чыгууда колдоно билсе келечек кесибине жакшы жардам болот.
Жарыш сөзгө чыгуучулардан болуп Осконбаева Айниса эже өз оюн айтып өттү.Балдарыбыз чет тилдерин үйрөнүүгө кызыгышат.Себеби азыркы мезгил талабында чет тилин жакшы билген балдар-кыздар үчүн чет өлкогө чыгууга мүмкүнчүлүктөр көп кездешүүдө.Ошон үчүн орто кесипкке ээ болгон бүтүрүүчүлөр билимин жогорулаттуу үчүн жогорку окуу жайларга тапшырууда.Себеби жогорку билимдүү адисттер азыркы мезгилдин талабына керек. Англис тилине байланыштуу студенттерди кызыктырып билимин жогорулатуучу үчүн атайын курсттарды ачууну сунуштайт элем.
Мамажанова Шохида кызынын тил үйрөнүүгө кызыгуусун жана колледждин студенттер үчүн түзүп берген шарттары канааттандыраарын айтты.
Андан кийин Маматова Кайринса сөз сүйлөп, азыркы күндүн талабы дипломдуу адистер жетишпейт, ошондуктан адистиктин актуалдуулугун жогорулатуу менен абитуриенттерге жеткизсеңиздер деп суранат элем. Андан сырткары аларга Кесипке киришүү деген сабакты 9 базанын окуу планына киргизүүнү сунуштайт элем, себеби адистер биринчи курстта өзүнүн адистиги менен тааныш болушса жакшы боло эле деп ойлойм.
Жалпы катышуучулар өз ойлорун айтып өтүштү жана курс ачуу боюнча сунуштарын билдиришти.Бул маселе жакынкы күндө аткарылаарын айтып өттүк.
Ар түрдүү-маселелер боюнча Кадырова Султанхан сөз сүйлөп;- биз сиздердин колледж менен дайыма кызматташууга даярбыз, ошону менен катар тажырыйбаларыбыз менен бөлүшүп, иш алып барганга да макулбуз..Бизди чакырып ой пикирибизди сурап билгендигиңиздер үчүн чон рахмат.
Биздин чакыруубузга келип, баалуу пикиринииздерди билдирип, кызматташууга макул экениниздерди билдиргендигиниздер үчүн ыраазымын.

Чогулуштун төрайымы: Матанбаева З.Э
Катчысы: Ниязбек уулу Исабек. 13.10.2021-жыл